**Капарова Чынар Абдылдаевнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча жазылган «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)» аттуу кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешинин өткөрүлгөн кезектеги отурумунун**

**№5 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨСҮ**

*2022-жылдын 19-январы* *Бишкек шаары*

**Отурумга диссертациялык кеңештин 16 мүчөсү катышты:**

1. Акматалиев Абдылдажан Амантурович – диссертациялык кеңештин төрагасы, филология илимдеринин доктору, академик. Адистиги: 10.01.01, 10.01.09;
2. Ыйсаева Нурзина Токторбековна – филология илимдеринин кандидаты, диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы. Адистиги: 10.01.01;
3. Айтпаева Гульнара Амановна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.02, 10.01.09;
4. Асанова Алтын Асановна – филология илимдеринин кандидаты, доцент. Адистиги: 10.01.10;
5. Орозобекова Жылдыз Калмашевна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.09;
6. Мамбеталиев Кубан Илиязович – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
7. Кадырмамбетова Айнура Күмөновна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
8. Абакиров Курманбек Абакирович – филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01, 10.01.09;
9. Тиллебаев Садык Алаханович – филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01;
10. Байгазиев Советбек Орозканович – филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.01, 10.01.09;
11. Орозова Гүлбара Жалаловна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.09;
12. Койчуев Бахтияр Турарович – филология илимдеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01, 10.01.03;
13. Джумагазиева Нуржан Курманбековна – филология илимдеринин кандидаты. Адистиги: 10.01.10;
14. Эгембердиева Аида Абдыжапаровна – филология илидеринин доктору, доцент. Адистиги: 10.01.01;
15. Сабирова Венера Кубатовна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.10 (онлайн);
16. Шаповалов Вячеслав Иванович – филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.03 (онлайн).

**КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ**

2. **Капарова Чынар Абдылдаевнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча жазылган «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү**

**тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)»** аттуу филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын ала коргоосу.

**УГУЛДУ:**

Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, академик А.А. Акматалиев ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды.
Диссертациянын темасы жана илимий жетекчиси ф.и.д. К.Мамбеталиев. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун окумуштуулар кеңешинде 29.12.2017 бекитилген.
**Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:**
Филология илимдеринин доктору, профессор Н.Омашев
Филология илимдеринин доктору В.Сабирова
Филология илимдеринин доктору Ж.Султанова
Изилдөө КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кыргыз адабияты бөлүмүндө аткарылды.
Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, академик А.А. Акматалиев илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн диссертантка сөз берди. Диссертациялык ишинин кыскача мазмуну жана илимий жыйынтыктары тууралуу диссертант Капарова Чынар Абдылдаевна төмөндөгүлөрдү баяндады

**Диссертант Ч.Капарова: С**аламатсыздарбы, урматтуу Диссертациялык кеңештин төрагасы, Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, кесиптештер!

Бүгүнкү күндө телекөрсөтүүнүн маалыматтарды берүү ыкмаларына жана өлкөнүн коомдук телеканалынын ишмердүүлүгүнө арналган изилдөөлөр жокко эсе. Диссертацияда Кыргызстандагы телекөрсөтүүлөрдүн маалыматтык программаларынын өнүгүү тенденциялары талданып, коомдук телеканалдын ишмердүүлүгү эл аралык тажрыйбалар менен, ошондой эле маалымат программалары жергиликтүү телеканалдардын материалдары менен салыштыруу аркылуу анализденди. Телекөрсөтүү аудиторияны кеңири камтуу менен адамдардын аң-сезимине таасир этүүчү күчтүү куралга айланып, коомдук пикирди калыптандырууда. Ошондуктан телекөрсөтүүгө мамлекеттүүлүктү бекемдөө, улуттук кызыкчылыктарды коргоо жана укуктук коомду куруу ишинде өзгөчө чоң үмүт артылган.

Коомдук телекөрсөтүүнүн табияты маалыматты ар тараптуу, объективдүү жана профессионалдык деңгээлде жеткирүү мүмкүнчүлүгү менен өзгөчөлүккө ээ. Ал коомчулук тарабынан каржыланат жана коомдук көзөмөлгө алынат. Бул шарттар аткарылганда гана коомдук телекөрсөтүүнү башка телеканалдардын түрүнөн ажыратып кароого болот. Коомдук телекөрсөтүүнүн коммерциялык кызыкчылыгынын жоктугунан улам дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн көпчүлүгү көз карандысыз коомдук телеканалдарды түзүүгө кадам таштаган. Бирок ар бир өлкө кыйынчылыктарга кептелген, себеби коомдук каналды түзүү үчүн көз карандысыз каржы булактарын издөө керек, ошол эле учурда маалымдоо, көңүл ачуу, агартуучулук функцияларды аткарып, административдик чечимдерди жасашы зарыл.
Эгерде Кыргызстан коомдук каналдын маалыматтарды берүү багытын өнүктүрүү идеясын коргогусу келсе, анда журналисттер жана коомдук ишмерлер, саясатчылар жана эксперттер, жарандар “коомдук телекөрсөтүүнүн модели кандай болушу керек, аны түзүүдө кандай проблемалар бар, кайсы жолду тандайбыз?” деген суроолорго жооп табышы керек. Бул демократиялык өлкө үчүн маанилүү болгон телеберүүнүн коомдук түрүн натыйжалуу өнүктүрүүгө жана ишенимдүү маалыматтык базаны түзүп берүүгө чоң жардам берет. Мына ушул жагдайлар Эгемендүүлүк алган жылдарынан тарта Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларын комплекстүү изилдөө актуалдуу маселелерден экендигин тастыктап турат.

Алгачкы жолу кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтарды чагылдыруу жана таркатуу маселелери илимий негизде кеңири анализ жүргүзүлгөнү иштин жаңылыгы. Бул изилдөөнүн төмөнкү багыттары менен мүнөздөлөт:

1. Мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик телеканалдардын маалыматтык кызматтарынын ишмердүүлүгү анализденип, алар социалдык, саясий, маданий ж.б. мааниси бар тигил же бул окуяны кандай чагылдырганы салыштырылышы;

2. Социалдык-саясий курч кырдаалда маалыматтык кызматтардын ишмердүүлүгүн уюштуруудагы өзгөчөлүктөрү изилдениши жана маалыматтык программанын жанрдык-тематикалык багыттарына мүнөздөмө берилиши, жаңылыктар программасын түзүү спецификасы аныкталышы;

3. Журналистиканын эл аралык стандарттары Кыргызстандагы коомдук телеканалдын тажрыйбасынын алкагында изилденип чыгышы;

4. Санариптик доордо мамлекеттин маалыматтык саясатынын ишмердүүлүгүнө, телекөрсөтүүнүн маалыматтык программасынын материалдык-техникалык камсыздалышына, кадрларды окутуу жана билимин жогорулатуу алкагындагы аракеттерине көңүл бурушу.

Диссертацияда төмөнкүдөй жоболорду коргоого алып чыктык:

1. Кыргыз телекөрсөтүүсү жана анын маалыматтык программалары изилдөөнүн объектиси жана предмети болуп бере алат жана маалыматтык программалар мындан ары дагы теориялык жактан терең изилдөөгө муктаж;

2. Демократиялык өлкөнүн социумунда коомдук телекөрсөтүү саясаттын негизги куралы катары кабылданат. Анын жардамы менен ар башка социалдык топтор, саясий партиялар, коомдук уюмдар жана мамлекеттик түзүмдөр өздөрүнүн саясий ж.б. кызыкчылыктарын билдирүү аркылуу коомдук пикирди калыптандырышат;

3. Эгемендүүлүктөн кийин мамлекеттик, улуттук жана коомдук статустарына ээ болгон телеканалдын өнүгүү эволюциясы, ошого жараша өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү, ийгилик, кемчиликтери менен айырмаланып турат;

4. “Ала-Тоо 24” маалыматтык телеканалы өлкөнүн туруктуулугун, коомдун бүтүндүгүн камсыздай турган институт катары кабылданат;

5. Коомдук телекөрсөтүү коммуникациянын заманбап технологияларын колдонуунун кеңири мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошондуктан мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугу коомдук пикирге, саясий процесстерге таасир этет. Бул мүмкүнчүлүк өлкөнү андан ары демократиялаштыруу шартындагы өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт;

6. Коомдун маалыматка болгон суроо-талабы жана маалыматка болгон ишеними – маалыматтык программалардын коомдогу ордун жана багытын аныктайт.

Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн (биринчи бөлүмдө 2 параграф, экинчи бөлүмдө 3 параграф, үчүнчү бөлүмдө 2 параграф), бөлүмдөргө берилген тыянактардан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү – 182 бет (165 бет – иштин мазмуну, 11 бет – пайдаланылган адабияттардын тизмеси, 6 бет тиркемелер).

**Киришүүдө** диссертациялык иштин темасын тандоонун себеби жана анын актуалдуулугу, негизги максаты жана милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси көрсөтүлдү. Ошондой эле коргоого коюлуучу жоболор ортого салынып, иштин апробацияланышы жөнүндө маалымат берилип, изилденген материалдардын жарыяланышы, изденүүчүнүн жеке салымы жана алынган натыйжалар аныкталды.

Илимий иштин биринчи главасы **“Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн программалары (тарыхый-типологиялык контекст)”** деп аталып, 2 параграфтан турат. Диссертациянын бул бөлүмүндө телекөрсөтүүнүн теориясына жана бул багыттагы илимий изилдөөлөргө serep жасалып, Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдардагы Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн

жана анын маалыматтык программаларынын өнүгүү тарыхы менен бирге типологиясы каралды.

1-параграф **“Телекөрсөтүүнүн теориясы жана илимий изилдөөнүн методологиясы”** деп аталып, телекөрсөтүү жана маалымат түшүнүгүн талдап берүү алкагында журналистика багытындагы изилдөөлөрдү анализге алууга аракет жасалды.

2-параграф **“Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программалары: типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрү (1991-2010-жж.)”** деп аталып, 1991-2010-жылдардагы Кыргыз телекөрсөтүүсү жана анын маалыматтык программалары типологиялык жана структуралык жактан изилдөөгө алынды.

Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн түптөлүү мезгили 1958-жылдын декабрь жана 1959-жылдын январь айларына туура келет. Диссертациялык иште Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн 1991-2020-жылдар аралыгындагы абалы изилдөөгө алынды.

Кубаттуу СССРдин кулашы менен СССРдин Мамлекеттик телерадио системасы да жоюлган. Борбордук телевидение “Останкино” мамлекеттик телерадиокомпаниясы болуп өзгөргөн. Союздук республикалардагы телестудиялардын союздук жана республикалык борборлорго болгон көп жылдык көз карандылык доору аяктаган. Мындай абал кыргыз телерадиокомитетинде да орун алды.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алып, башка түзүмдөр менен бирге Кыргыз телекөрсөтүүсү да өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүүгө өткөн. 1991-жылга чейин Кыргызстандын телерадиокомитети советтик башкаруунун буйруктарын аткарып келсе, эми ал эгемен мамлекеттин жарандык коомунун институту катары кызмат кылууга өткөн. Жарлыктын негизинде партиялык, коомдук уюмдар менен кыймылдардын, министрликтер менен мекемелердин компаниянын чыгармачыл-өндүрүштүк ишмердүүлүгүнө кийлигишүүсүнө тыюу салынышы маалыматтык программалардын ачык-айкын иштөөсүнө жол ачты. Маалыматтык программалардын журналисттери көп жылга созулган партиялык жана мамлекеттик көзөмөлдөн кутулуп, окуяларды ачык чагылдыруу укугуна ээ болгон. Кыргызстандын Мамлекеттик телерадио компаниясы ишмердүүлүгүн (ички түзүм, кадрлар маселеси, көрсөтүүлөрдү уюштуруу, байланышты жана кызматташтыкты жакшыртуу ж.б) өз алдынча жүргүзө баштаган.

Кыргыз телекөрсөтүүсүн, анын алкагында маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясын изилдөө көрсөткөндөй, кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү жеке өндүрүмдүн аздыгы, ага ээлик кылуучулардын (мамлекет, демөөрчү) буйрутмалары, бир тараптуу маалыматтык берүүлөр көрүүчүлөрүнүн ММКнын башка булактарын тандоосун шарттады. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын көрүмдүүлүгү жогору болгону менен (статистика боюнча көрүмдүүлүгү элдин КТРКны көрүүсү адатка айланганы, телеканалдын аймактарга жеткиликтүүлүгү) ММКнын башка булактарынын маалыматтарына атаандаш боло алган эмес.

Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн ишмердүүлүгүнө багышталган илимий-теориялык эмгектер абдан аз болгондуктан, аны изилдөө зарылдыгы бар. Бул багыттагы изилдөөлөр Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн ишмердүүлүгүнүн жаңы барактарын ачып берет. Телекөрсөтүүнүн жана андагы маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясын изилдөө кыргыз телекөрсөтүүсүнүн тарыхы менен тыгыз байланыштуу болгондуктан телеканалдын өлкөнүн эгемендүүлүк алган жылдарынан баштап, азыркы күнгө чейинки тарыхына сереп салдык.

Экинчи бөлүм **“Коомдук телекөрсөтүүнүн маалыматтык программаларынын өнүгүү этаптары”** деп аталып, коомдук телеканалдын иштөө принциптери дүйнөлүк телеканалдардын мисалында жазылды. Кыргызстандын коомдук телеканалынын маалыматтык программаларды даярдоодогу жана чагылдыруудагы тажрыйбасы, санариптик технология шартындагы ишмердүүлүгү талданды.

1-параграф **“Коомдук телекөрсөтүүнүн эл аралык стандарттары”** деп аталды. Коомдук телекөрсөтүүнү изилдөө боюнча бир катар илимий иштер жазылган. Тиешелүү

илимий-теориялык маалыматтарга таянсак коомдук макамга ээ телеканалды түзүүдө төмөнкү негизги себептерди белгилөөгө болот:
– **саясий себеп,** демократиялык институттарга болгон ишенимдин кетиши, мисалы, шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча комиссия;
– **социалдык себеп,** башкача айтканда, мамлекеттик жана жеке менчик телеканалдарга болгон ишенимдин кеткени;
– **экономикалык себеп,** өлкөнүн медиа рыногундагы өнүгүүнүн кечеңдеши.
Дүйнөдө коомдук телеканалдардын макамы, башкаруусу, каржылоосу ар башка экени изилдөөгө алынып, айрым өлкөлөрдүн "коомдук" телеканалдарында бирдиктүү принциптин жок экени далилденди.

Коомдук берүүлөрдүн ролун ишке ашыруу үчүн анын ишмерүүлүгү мамлекеттен көз карандысыз болушу негизги шарттардын бири. Коомдук телекөрсөтүү объективдүү жана ишенимге ээ болушу үчүн үч тармакта көз карандысыз болушу керек – бул, биринчиден, каржылык көз карандысыздык, экинчиден, башкаруу көз карандысыздыгы, үчүнчүдөн, редакциялык көз карандысыздык. Дал ушул үч түр тыгыз байланышта болуп, коомдук телекөрсөтүүнүн ишиндеги жалпы сапатка таасир этет.

2-параграф **"Кыргызстанда коомдук телекөрсөтүүсүнүн түптөлүү тарыхы жана маалыматтык программаларды берүү тажрыйбасы (2010-2020)"** деп аталды. Бөлүмдүн талаптарын аткаруу үчүн "Кыргызстандын Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы жөнүндө (КТРК)" мыйзам талданды. Коомдук макам маалыматтык берүүлөрдүн кандай берилишин аныктап турганы менен Кыргыз телекөрсөтүүсү адат болуп калган баш ийүү принцибинен толук кутула албаганы далилденди. Изилдөөлөргө таянуу менен Коомдук телекөрсөтүүнүн маалыматтарды берүү багытына практикалык сунуштар берилди.

3-параграф **"Санариптик технологиянын шартындагы маалыматтык берүүлөрдүн ыкмалары"** деп аталып, санарип телекөрсөтүүнүн пайда болуу жана өнүгүү тарыхы эл аралык деңгээлде жана Кыргызстандын шартында анализденди. Санариптик технологияларга өтүү процессинде экономикалык, саясий, технологиялык жана чыгармачылык факторлор айкалышып, медиа чөйрөнүн өнүгүүсүнө кошумча шарттар түзүлдү. Адатка айланган "телевизор көрүү" түшүнүгү кеңейип, санариптик, интерактивдүү телевидение пайда болуп, ал мобилдик телефондун жана Интернеттин жардамы менен ишке ашууда. Телекөрүүчүлөр программаларды Интернет-портал жана телеканалдарга тиешелүү сайттар аркылуу, тематикалык телеканалдардан көрүүгө багыт алды. Коммуникация каражаттары жаңы маалыматтык технология менен толукталды. Жаңылоо мезгили өкүм сүрүп, маалымат алуудагы жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылууда.

Европанын, Американын жана башка мамлекеттердин, анын катарында Кыргызстандын коомдук телерадиоберүүлөрүнүн стандарттары, ишмердүүлүктөрү, кабыл алынган мыйзамдары, укуктук-ченемдик актылары, маалыматтык саясаты талданып, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

**1.** Коомдук телекөрсөтүүнүн өнүгүшүнө эки фактор таасир этет: каржылык жана башкаруу. Коомдук макамды толугу менен сактап, багыттуу иштөөсү үчүн телеканалды мамлекеттик каржылоодон ажыратуу маселеси бар. Каржылоонун көрүүчүлөрдүн абоненттик төлөмү аркылуу ишке ашышы – артыкчылыктуу багыт. КТРК чет элдик тажрыйбаларды эске алуу менен киреше табуунун жаңы булактарын иштеп чыгышы керек эле. Байкоочу кеңеш бул маселенин алкагында башкы директорго сунуштарды берүү менен чектелип келе жатат. Жетекчилик тарабынан коомдук каржылоо боюнча кандайдыр бир аракеттер 2010-1014-жылдар аралыгында болгон. Андан бери бул маселе жабык бойдон калууда. Каржы булагы мамлекеттен көз карандысыз болмоюнча Кыргызстанда коомдук телеканал жөнүндө сөз кылуу эрте.

**2.** Башкаруу фактору. Коомдук канал техникалык жана идеологиялык каражаттарды пайдалануу менен коомго кызмат кылат. Телеканалдардын маалыматтык кызматы саясат менен тагыз байланышта. Саясий коммуникациянын функциясын ишке

ашыруу менен коомдук телекөрсөтүү өнүгүүнүн саясий векторун түзөт. Бул коомдун биримдигине багытталып, жалпы улуттук идеологиянын, бара-бара мамлекеттик идеологиянын калыптанышына кызмат кылат. Бирок КТРК, БК жана анын жетекчилиги коомдук макамга туура келбеген жат окуялардын чордонунда болду. КТРКнын жетекчилиги БКтин мүчөлөрүнүн тандалып, шайланып келишине кызыкдар учурлары коомдук пикирди жаратты. Ыңгайлуу мүчөлөрдү алып келүү ыкмасы жетекчилик, жана аны көзөмөлдөөчү тараптар үчүн маанилүү. Көзөмөлдөөчү тарап БК жана Башкы директор аркылуу саясий буйрутмаларды ишке ашыруунун жолун каалагандай ишке ашырса, башкы директор БК аркылуу мөөнөтүн узартып, каалагандай иштей берет.

**3.** Акыркы он жыл аралыгында Кыргызстандын телекөрсөтүү тармагы чукул өзгөрүүлөргө дуушар болуп, көрүүчүлөрдүн талабын канааттардыруучу көп каналдуу чөйрө өсүп чыкты. Бул главада телекөрсөтүү жаатындагы өнүгүүнүн жаңы этабы болгон санарип стандарттары талданды. Санарип технологиялары маалыматтык саясат, анын алкагында экономикалык, саясий, технологиялык жана чыгармачылык факторлор менен тыгыз байланышта. КТРК бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен, көрүүчүлөрүнө интерактивдүү телевидение, уюлдук телефон, Интернет чөйрө аркылуу маалыматтарды каалаган убакта, каалаган жеринен ыкчам алууга шарт түздү. КТРК санариптик берүү форматына учурунда жана бардык шарттары менен өтүп, техникалык өнүгүүгө багыт алды.

Үчүнчү бөлүм **"КТРКнын маалыматтык программалары: мазмундук өзгөчөлүктөрү жана жанрлары"** деп аталып, бул бөлүм телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын жаңылыктарды, кабарларды берүү маселесине арналып, эфирде чагылдырылган материалдар сыпатталды. Салыштырма анализ жүргүзүлдү. Бөлүм 2 параграфтан турат.

1-параграф **"КТРКнын маалыматтык программаларынын мазмундук өзгөчөлүктөрү жана салыштырма анализи"** деп аталды. Мында диссертациялык иштин темасына байланыштуу Кыргызстандагы негизги телеканал болгон КТРКнын маалыматтык программаларынын ишмердүүлүгү жана азыркы абалы анализденди.

Кыргыз Республикасындагы коомдук телекөрсөтүүсүнүн негизги милдети – коомду мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийлик бутактарынын, жалпы эле бийликтин, саясий ар башка күчтөрдүн үгүтөөчү маалыматтарынан четтетүү эле. Мындай күчкө каржылык ээлик кылуучулук эркиндиги бар телеканалдар гана ээ боло алмак.

2010-2020-жылдары Коомдук каналдын маалыматтык берүүлөрүн изилдөөгө алуу аракети көрүлдү. Автор тарабынан "телекөрүүчүлөрдүн, же кардарлардын төлөмүнүн негизинде иштеп жаткан коомдук берүүлөрдүн макамы окуяларды чагылдырууда жана маалыматтарды берүүдө жоопкерчиликтүү боло алдыбы?", "Коомдук телекөрсөтүү аркылуу чагылдырылып жаткан маалыматтардан көрүүчү чынчыл жана так маалыматтарды ала алдыбы?" деген суроолорго жооп изделди.

Телекөрсөтүүнүн маалыматтык программаларынын ишмердиги саясат менен тыгыз байланышта. Ар бир чыгарылыш саясий процесстерди берүү жана талдоо менен толукталат. Саясий коммуникацияны мамлекет менен элдин ортосундагы маалымат алмашууну камсыздай турган субъект катары кароого болот. Бийлик менен элдин ортосундагы маалымат алмашуу процесси формалдуу жана бейформалдуу деңгээлинде жүрүшү мүмкүн. Дал ушул формалдуу деңгээл – коомдук телевидениенин жардамы аркылуу маалымат алмашуу болсо, бейформалдуу – бул жабык сүйлөшүүлөр. Саясий коммуникация саясий институттардын байланышын бекемдейт.

Демократиялык мамлекеттердин жарандарынын өлкөдө жана анын сыртында болуп жаткан маалыматтарды алуу укуктары мыйзамдар менен корголгон. 2010-жылы кабыл алынган Редакциялык саясатынын негизинде КТРК өлкөнүн Конституциясында белгиленген сөз эркиндиги боюнча принциптин негиздерин эске алуу менен, Коомдук телерадио жөнүндөгү Декретке таянып, эреже-тартиптин нормаларын бекиткен. КТРК

маалыматтык саясатта журналистиканын стандарттарын алып барууга өткөн**.** Ооба, так ушундай болду, бирок жогорку бийликтин тизгининен ажырабады.

Мындан тышкары, телеканалдардын жана алардын маалыматтык программаларынын көрүмдүүлүгүн аныктаган социологиялык изилдөөлөргө анализ жүргүзүү аракети жасалды.

2-параграф **"Ала-Тоо 24" телеканалы: маалыматтык жанрдын мазмуну жана тематикасы"** деп аталды.

Жаңылыктар программаларына типологиялык анализ берүү алдында, эң оболу маалыматтык берүүлөр телекөрсөтүүдөгү көрүмдүүлүгү жогорку программалардын бири экенин эске алышыбыз кажет. Телеканалдарда маалыматтык берүүлөрдүн сандык өсүшү аудиториянын жаңылыккка жана фактыга болгон кызыгуусунун жогору тенденциясын чагылдырат. Дээрлик бардык заманбап телеканалдар көрүүчүлөргө жаңылыктарды тартуулайт. Маалыматтык программалардын ар биринин өзүнө тиешелүү уникалдуу форматы бар жана белгилүү бир аудитория үчүн иштелип чыккан, белгилүү жанрдык мүнөздөмөлөргө ээ. Маалымат программалары ар башка болушу мүмкүн, бирок аларды жаңылык деп атоо критерийлери бардык маалымат программалары үчүн бирдей болушу керек.

Түрдүү тематикадагы программалар даярдалып, сунушталууда. Мындагы негизги талап ар тараптуулукту сактоо. Телекөрсөтүүнүн маалыматтык программаларынын ишмердиги саясат менен тыгыз байланышта болгондуктан талаптар аткарыла бербейт. Ошол эле учурда жанрлар милдеттерине жооп бербейт. Ушуга байланыштуу журналисттерди мезгил-мезгили менен атайын окутууларга, тренингдерге жөнөтүп, жанрлар боюнча иштөөнү жакшыртыш керек:

– адистерин техникалык жана чыгармачылык багытта жаңы, адаттан тышкаркы шарттарда иштөөгө үйрөтүү милдети. Журналисттик материалдарды даярдоодо телевидение технологиялары улам жаңыланып, видео өзгөрүүлөргө алып келди. Телеканал мыкты адистерге муктаж. Алар бейтараптуулук принцибин тутунушу керек;

– резервдик программалардын жоктугунан кайталап көрсөтүүлөр программанын басымдуу бөлүгүн түзөт. Маселени ишти туура пландаштыруу жолу менен чечүүгө болот, мында канал жетекчисинин кесипкөйлүк деңгээли да аныкталат.

Илимий иштин жүрүшүндө төмөнкүдөй жыйынтыктар чыкты:

1. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн ишмердүүлүгүн жана маалыматтык берүүлөрүнүн өнүгүү тенденциясын 2 этапка бөлүп карадык. Ар бир доор, ар бир башкаруу өзүнүн ыңгайына жараша маалыматтарды берүү жана таркатуу аракетинде болду. Бул этаптардын мүнөздөмөсү мындай.

1.1. **1991-2009-жылдар. Эгемен доордогу кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалымат берүүсү "Мамлекеттик телерадиоберүүлөр компаниясын түзүү" жарлыгы менен тыгыз байланыштуу**. Эгемендүүлүктү алып, башка түзүмдөр менен бирге Кыргыз телекөрсөтүүсү да өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүүгө өткөн. Журналисттери көп жылга созулган партиялык көзөмөлдөн кутулуп, окуяларды ачык чыгара башташты. Мамлекеттик телерадио компаниясы ишмердүүлүгүн (ички түзүм, кадрлар маселеси, көрсөтүүлөрдү уюштуруу, байланышты жана кызматташтыкты жакшыртуу) өз алдынча жүргүзө баштады. "ММК жөнүндө" Мыйзам (1991) телеканалдардын ишин жандантты. КООРТ, ТРК «Пирамида», ВОССТ, НБТ жеке телеканалдар негизделди. Реклама, коммерциялык аракеттер, демөөрчүлүк колдоолор кирешенин булагы болду. Россиянын ОРТ, РТР, ТВ-центр, ТВ-6, НТВ маалыматтык программалары сунушталып турду. Коомдук телевидениени түзүү аракеттери күч алды.

**1.2. 2010-2020-жылдар. 2010-жылы Кыргыз телекөрсөтүүсүнө "коомдук" макам берилип, коомдук берүүлөр талап кылган эрежелерди кармануу аракеттери болгон.** Бул мезгил аралыгында маалыматтык программалардын көрүмдүүлүгү артып, ишенимдүү маалымат булагы катары кабылдана баштаган. Анткени телеканалга таңуулоо болгон эмес. Канал өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүүгө өтө алган. Маалыматтык программалар,

“Ала-Тоо 24” маалыматтык телеканалы аркылуу эфирге берилген айрым материалдарды талдоо менен коомдук макам талап кылган эреже-тартиптердин одоно бузулганын далилдеди. Кыргызстанда коомдук телеканал бар деп жыйынтык чыгарууга болбойт.

2. Эгемен доордогу журналистиканын, анын алкагында телеканалдардын өнүгүү этаптары телевидениенин мамлекеттик, улуттук, коомдук статус алып, ишмердүүлүгүн жүргүзүүсүнө байланыштуу болуп, телеканалдын менчик формасына, программалык мазмунуна, аудиторияга багытталышына ж.б.у.с белгилери типологиялык иликтөө аркылуу аныкталды. Ар бир тарыхый контекстин спецификасы бар, ушуну журналистиканы изилдегенде эске алыш керек. Телекөрсөтүүнүн маалыматтык берүүлөрү тематикалык ар түрдүүлүкө ээ болгону менен, саясат менен тыгыз байланышта.

3. Маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясын изилдөө көрсөткөндөй, кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү жеке өндүрүмдүн аздыгы, ага ээлик кылуучулардын (мамлекет, демөөрчү) буйрутмалары, бир тараптуу маалыматтык берүүлөр көрүүчүлөрүн ММКнын башка булактарын тандоосун шарттады. Электордук медиа өлкөнүн жашоосун ар тараптуу жана ачык чагылдыруу менен көрүүчүнүн көңүл чордонунан орун алды. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалымат программаларынын көрүмдүүлүгү жогору болгону менен, ММКнын башка булактарынын маалыматтарына атаандаш боло алган эмес.

4. Коомдук берүүлөрдүн ролун ишке ашыруу үчүн анын ишмерүүлүгү мамлекеттен көз карандысыз болушу негизги шарттардын бири. Коомдук телекөрсөтүү объективдүү жана ишенимге ээ болушу үчүн үч тармакта көз карандысыз болушу керек – бул, биринчиден, каржылык көз карандысыздык, экинчиден, башкаруу көз карандысыздыгы, үчүнчүдөн, редакциялык көз карандысыздык. Дал ушул үч түр тыгыз байланышта болуп, коомдук телекөрсөтүүнүн ишиндеги жалпы сапатка таасир этет. маселелерди белгиледик – бул атаандаштыктын түрү жана көрүмдүүлүктүн рейтинги.

5. “Ала-Тоо 24” маалымат каналынын жана НТСтин “Жаңылыктарын” салыштырып талдоо аркылуу маалымат программаларынын негизги критерийлери аныкталды. Алар: **жаңылыктарды көрсөтүү милдети**, **журналисттик тексттин визуализациясы, түзүмү (структурасы) жана версткасы, проггамманын түзүмү.**

6. Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык эмгектерге таянуу менен маалыматтык программалардын негизги белгилери аныкталды. **Биринчиден,** жаңылыктар экрандуулугу менен мүнөздөлөт, маалымат визуалдык жана үн каражаттары менен берилгендиктен укмуштуудай таасирге ээ. **Экинчиден,** жаңылыктар жаңы маалыматтарды камтыйт, башкача айтканда, күн тартибиндеги актуалдуу маалыматтарды камтыйт. Мындан тышкары, аудиториянын көңүлүн буруу үчүн жаңылыктар ыкчам, өз убагында жана мазмундуу берилиши керек. Мунун бардыгы журналистиканын көрүнүктүү теоретик менен практиктердин, изилдөөчүлөрдүн пикирлери аркылуу тастыкталды. Мындан тышкары, телеканалдардын маалымат программаларынын көрүмдүүлүгүн аныктаган социологиялык изилдөөлөр анализденди. Анан мындай сунуштар айтылды.

1. Коомдук телекөрсөтүү укуктук-демократиялык мамлекеттин негизги курамы. Ошондуктан “коомдук” макам алган Кыргыз телерадиоберүүлөр корпорациясы укуктарын пайдаланышы керек. Өзгөчө маалыматтык берүүлөрү саясат менен тагыз байланышта болгондуктан, маалыматтарда бейтараптуулуктун сакталышын көзөмөлдөө маанилүү;

2. Бүгүн Байкоочу кеңеш багыт жана сунуш берүүчү милдетти гана аткарат. Коомдук телекөрсөтүү коомчулукту объективдүү маалыматтар менен камсыздоого ыңгайлашкан ММК. Бул шартты кармануунун зарылчылыгы турат жана ал Байкоочу кеңештин көзөмөлүнө алынышы керек;

3. Редакциялык саясат журналисттердин эркин иштөөсүнө жол ачып берүү үчүн иштелип чыккан, бирок айрым пункттары одоно бузулуп жаткандыктан, толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө муктаж;

4. Маалыматтык программаларда өлкөнүн социалдык-экономикалык жана маданий жашоосу системалуу жана максаттуу түрдө чагылдырылып, аудиториянын пикирине

көңүл буруу менен жарандардын саясий жана экономикалык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө салым кошуусу керек;

5. Маалыматтык программалардын редакциялары жана журналисттер маалымат айдыңдагы ой-пикирлерди ишенимдүү деңгээлде, тематикалык жана жанрдык ар түрдүүлүктө жеткириш керек;

6. Ишмердүүлүгүн аныктап, көз карандысыз баа берип туруу үчүн рейтинг аныктоочу коомдук социологиялык борборлор, көз карандысыз уюмдар менен кызматташтыгын күчтөндүрүү маанилүү.

Телекөрсөтүүнүн маалымат программаларында өлкөдө жана чет өлкөдө болуп жаткан окуяларды ыкчам, объективдүү жана ар тараптуу кылып чагылдырышы маанилүү. Ошол эле учурда таанып-билүү багытындагы билим, саламаттык сактоо программаларды, бардык жаш куракка, социалдык топко туура келген, спорттук, маданий маалыматтарды өз учурунда жана убагы менен берип турушун  артыкчылыктуу иш катары кабылданат. Бийлик тараптын буйтурмасын аткарбаган, көз карандысыз, рекламалык-коммерциялык кызыкчылыктан алыс турган маалыматтык программалары менен элдин ишенимине жана табитине туура келген кызматты өтөө. Кыргызстанга коомдук берүү деп сыртынан аталган мекеменин кереги жок, иши менен көрүнгөн чыныгы коомдук телевидение керек.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат!

**Төрага: академик, Акматалиев:** Рахмат. Суроолоруңуздар болсо берсеңиздер.

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент А.Асанова:** Саламатсыздарбы, мен суроо берейин, Чынара Абдылдаевна, рахмат. Когда соискатели выходят на защиту, они должны обосновыватся прежде всего на тех замечаниях, на тех рекомендациях которые были озвучены при первом и на втором оббсуждении. Я лично присутствовала на ваших двух обсуждениях, которые происходили в стенах Академии наук КР. Тогда главные замечания, здесь сидят вот те ученые, которые присутствовали на тех обсуждениях, и задавали конкретные вопросы. Вот вы сейчас должны были ответить, вот, во время первого, во время второго обсуждения, Асанова например, Кадырмамбетова и другие задавали вот такие вопросы, и эти вопросы вот так были у меня учтены и разработаны, тогда это было бы предметно и предметное предзащита, я так думаю. Это должны учесть соискатели, это первое мое замечание. Второе, вот вы анализировали именно “Ала-Тоо 24” это визитная карточка нашего КТРК, имидж КТРК зависит от политической, экономической, социальной,  информационной и тоже создаеат общественное мнение прежде всего зависит от контента “Ала-Тоо 24”.

Вот скажите пожалуйста, сколько вы программ, именно новостных программ за какой срок анализировали, вот по жанрам, по тематике, по контенту анализировали? Это первый вопрос. И эти программы какие журналисты создавали? Потому что их создают живые люди, вы должны озвучить их имена этих журналистов. И еще вопрос, на сегодняшний день “Ала-Тоо 24”, он рейтинговый или не рейтинговый, это даже политический вопрос.

**Диссертант Ч.Капарова:**  Рахмат Алтын Асановна. Албетте буга чейинки эки талкуу абдан кызуу мүнөздө болгон, буга сиздер өзүңүщздөр катышкансыздар. Көп сын пикирлерди, сунуштарды эске алуу менен диссертацияны кайра иштеп чыгууга туура келди. Сиздин сын-пикир, сунуштарды эске алуу менен биз кайрадан бөлүмдөрдү иштеп чыгып, кайрадан оңдоп киришүүдөн баштап, ар бир бөлүмдү карап чыктык. Мага сиздин сын-пикирлер абдан жакшы жардамын берди. Эксперттик топтун мүчөлөрү менен да тыгыз иштедим, алар менен да байланышта болуп, кемчиликтерди, сын-пикирлерди, сунуштарды эске алуу менен диссертациялык ишти жакшылаганга, жаңылаганга, толуктаганга аракет кылдым.

Сиздин суроонуз боюнча, программаларды анализдөө боюнча. Бул иште, 3-бөлүмдө, толугу менен анализге арналды, анализдөө жүрөт. Анализдебей туруп “Алап-Тоо 24” программасын изилдөө кыйынга турмак. Программаны анализдөөнү 2017-жылдын алгачкы 3 айындагы программаларды изилдеп чыктым. 2019-жылдагы

программалар да изилдөгө алдым. Изилдөөлөрдү диаграмма, графикалар менен түшүнүктүү бергенге аракет кылдым. Үчүнчү суроoңуз боюнча журналисттерди атаэыз деген. Бул жерде албетте биринчи, экинчи талкууэуздагы пикириэизди эске алдым. Журналисттердин жасаган аракетин, программаларын кошууга туураи келди. Сиз билесиз, 2010-жылдан кийин коомдук телеканал болгондон кийин программалар жакшы жагына өзгөрдү. Мисалы бир эле "Дебаттар" программасын ала турган болсок, журналисттердин катышуусу, программаны даярдап, алып чыгуусу албетте телеканалга рейтинг алып келди. 2017-жылдагы, 2010-жылдагы шайлоолордогу шайлоолордогу дебаттар Кубат Оторбаев жана Динара Сүймалиеванын даярдап, алып баруусунда эфирге чыккан. 2017-жылдагы Алмаз Касмалиев менен Светлана Акматалиеванын алып баруусундагы "Дебаттарды" мисал катары анализге алдык. Ошондой эле КТРКнын журналисттери Элнура Молдокадырованын "Эшектин эти", Канат Каниметовдун "Белизгейт" маселеси боюнча иликтөөлөрү анализге алынып, диссертациянын үчүнчү бөлүмүндө салыштыруу ирээтинде диссертациянын үчүнчү бөлүмүн толуктадык.. Рейтинг боюнча. КТРК азыркы күндө көрүмдүү телеканалдардын катарын толуктат. Буга биринчиден, телеканалды көрүү адатка айланып калган. Кыргыз эли КТРКны көрүү керек, көрбөсө дагы КТРК сайылып турушу керек деген адатын эске алышыбыз керек. Экинчиден, КТРК регионго, аймактарга көрүмдүүлүк деңгээлинин артыкчылыгы менен алдыда. Ошондуктан КТРКны биз коркпой туруп көрүмдүү, дагы деле рейтингдүү телеканал деп айта алабыз. Бул көрүмдүүлүгү боюнча. Ал эми сапаты башка маселе. Рахмат.

**Төрага: академик**, **Акматалиев:** Рахмат, жообуңузга. Суроолор болсо, кыскача суроолор барбы? Жокпу? Рахмат, Чынара Абдылдаевна, анда отура бериңиз. Анда сөз эксперттерге берилет. Н.Омашевдин пикирин окуп берүү үчүн сөз окумуштуу-катчыга берилет.

**Окумуштуу катчы, Н.Ыйсаева:** Диссертациялык ишке эксперт катары ф.и.д., профессор Намазаалы Омашевдин пикири дайындалган. Ал киши онлайн чыгып катышам деди эле, бирок Алматадагы окуяларга байланыштуу Стамбулда аэропортто бир топ кармалып калып калып жаңы эле келиптир, байланышууга мүмкүнчүлүгүбүз болгон жок. Бирок бизге 5 бет көлөмүндө өзүнүн эксперттик пикирин берип жиберген. Пикирдин бардыгына толук токтолбой эле койсом. Негизинен диссертацияга карата оң баа берген. Замечания дейт. Мен ошол жактарына эле токтолуп кетейин. "В отдельных параграфах диссертации имеют место излишне политизированные места. Полагаю, что соискатель увлекается политикой в ущерб аналитическому рассмотрению» дейт. Сунуштары бар экен. "Пересмотреть примеры политического характера в сторону их уменьшения. Расширить аналитическую часть. Обратить внимание на современные научные исследования журналистики региона Центральной Азии. В качестве ведущей организации рекомендуется кафедра журналистики Ошского государственного университета. В качестве первого официального оппонента предлагаю доктора филологических наук Султанову Жыпару Оморовну, имеющей научные труды по истории развития электронных СМИ. В качестве второго официального оппонента предлагаю кандидата филологических наук Асанову Алтын Асановну, имеющей труды по специальности 10.01.01 – журналистики».

Эксперт диссертационного совета, рассмотрев представленные документы, рекомендует диссертационному совету при Институте языка и литературы имени Ч. Айтматова Национальной Академии наук КР, Кыргызском национальном университете имени Ж. Баласагына, Бишкекском государственном университете имени К. Карасаева принять диссертацию Чинары Абдылдаевны Капаровой на тему «Тенденции развития и современное состояние информационных программ телевидения (на примере КТРК)», представленную к защите на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.10 – журналистика. Эксперт диссертационного совета, доктор филологических наук, профессор Омашев Н.О (Эксперттин корутундусу тиркелет).

**Төрага: академик, Акматалиев:** Экинчи эксперт Сабирова Венера Кубатовнанын пикири

**Окумуштуу катчы, Н.Ыйсаева:** Верена Сабировна онлайн байланышка чыгат.

**Төрага: академик, Акматалиев:** Венера Кубатовна угуп жатасызбы?
(байланыш начар). Анда кийинки эксперт Жыпара Султановага сөз берели.

**Эксперт ф.и.д., Ж.Султанова:** Саламатсыздарбы, урматтуу төрага, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Изденүүчү Чынара Капарованын "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)" деген темадагы диссертациясына өз оюмду айтууга уруксаат бериңиздер. Диссертацияда Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн өнүгүшүнүн тарыхый жана практикалык тенденцияларынын жана анын маалыматтык программаларын ар тараптуу изилдөөсү жүргүзүлгөн. Изденүүчү адегенде Кыргызстандагы телекөрсөтүүнүн өнүгүү процесстерин теориялык негиздерин изилдеп, бул багытта башка өлкөлөр менен салыштырма талдоо жүргүзүп, андан соң Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык берүүлөрүн түздөн-түз практикалык изилдөөгө өтөт. Диссертант бул иште негизинен салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорду колдонгон. Иште айрым каталар байкалган. Кээ бир барактарда кыргыз тилиндеги китептердеги шилтемелер кыргызча, башкаларда орусча жазылган. Таблицалардын ирээттик сандары байкалып калган. Фактологиялык так эместиктер табылган. Изденүүчүгө төмөндөгүдөй сунуштар берилген:

1. Диссертациянын түзүмүн, стилистикалык аспектилерин оптималдаштыруу жана шилтемелерди текст боюнча бөлүштүрүү;
2. Биринчи бөлүмдүн экинчи параграфындагы өтө саясатташкан үзүндүлөрдү оңдоо;
3. Диссертациянын орус тилиндеги авторефератын редакциялоонун үстүнөн кылдаттык менен иштеп чыгуу.

Каталарды изденүүчү оңдоду, сунуштамаларды эске алып, алардын үстүнөн иштеп чыкты. Бул диссертация Кыргызстандагы коомдук телекөрсөтүүнү көп тараптуу изилдөө, маалыматтык телепрограммаларды талдоо боюнча биринчи толук масштабдуу иш десек болот. Бул тема боюнча изилдөөлөр журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү үчүн абдан маанилүү жана актуалдуу экенин белгилеп кетиш керек. Бул контексте диссертация жогорку теориялык жана практикалык мааниге ээ, жактоого алууга болот деген пикирдемин. Коңул бурганыңыздар үчүн чоң рахмат. *(корутунду тиркелет).*

**Төрага: академик, Акматалиев:** Рахмат, Жыпар Оморовна. Тааныштырып коелу, филология илимдеринин доктору, Тажикстанда жактаган, биздин сүйүктүү акыныбыз Омор Султановдун кызы. Мындан ары тыгыз байланышта болуп, советке катышып жүрүнүз.

**Эксперт ф.и.д., Ж.Султанова:** Чоң рахмат!

**Төрага: академик, Акматалиев**: Рахмат, сөз кийинки эксперт В.Сабированын сөзүн угалы. Бизге онлайн байланышка чыгып жатат Оштон. Сөз сизде...

**Ф.и.д., доцент В.Сабирова:** Ало, саламатсыздарбы урматтуу Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун, диссертациялык кеңешиин мүчөлөрү. Бул жерде мен Сабирова Венера Кубатовна, 10-01-10 – журналистика боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Капарова Чынара Абдылдаевнанын "Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)" деген темага кандидаттык диссертациясына эксперт катары корутунду жасагам. Бул жерде пикирлер бардык бөлүмдөр боюнча жасалган. Илимий-теориялык деңгээли, пайдубалы бекем, практикалык мааниси жогору эмгек болуп саналат. Диссертациялык кенешке диссертацияга корутунду жазууга алып келгендиги дал келет деген пикирге келдик. Экинчи, иштин максаты катары, мен мурда айтып кеткем. Маалыматтарды берүү ыкмалары коюлган. Максаты жана милдеттери талапка жооп берет. Актуалдуулугу журналистикада илимий иш аз болгондуктан актуалдуу. Диссертацияда

коюлган милдеттер аткарылган. Айрым мүчүлүштүктөр бар. Эмгекте олуттуу түрдөгү кемчилик кездешпейт. Бирок, диссертант өз оюн жеткирүүдө стилдик жана пунктуациялык так эместиктерге жол берген. Буларды дагы бир сыйра карап, ондоп койсо, иш өз максатына жетет. Диссертант тележурналистиканын тарыхы жана азыркы абалы айрыкча, тележурналистиканын маалыматтык программаларын таануу багытында ишин улантып, терендетсе деген пикирдебиз. Бул үчүн анын даярдыгы, теориялык билими жетиштүү деңгээлде экендиги көрүнүп турат. Көп жыл телевидениеде иштеген. Диссертациянын багытында 13 илимий макаласы жарык көргөн. Дисссертация өзүнчө монография катары жарык көрүшү максатка ылайыктуу.

Бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча илимий адистиги бар Ош мамлекеттик университеттинин журналистика, кыргыз тили жана адабияты факультетинин журналистика кафедрасын бекитүүнү сунуш кылам. Биринчи расмий оппонент катары 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча тиешелүү эмгектери бар, филология илимдеринин доктору Султанова Жыпар Оморовнаны сунуш кылабыз. Экинчи расмий оппонент катары 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча эмгектери бар, филология илимдеринин кандидаты, доцент Асанова Алтын Асановнаны сунуштайм.

Чынара Капарованын “Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)” деген кандидаттык диссертациялык иши өз алдынча иштелген изилдөө катары мүнөздөөгө болот. 10.01.10 - журналистика адисиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Капарова Чынара Абдылдаевнанын “Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)” деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кылабыз. Эксперт, филология илимдеринин доктору, профессор В. Сабирова. *(корутунду тиркелет).*

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, ф.и.д., академик А.А. Акматалиев:** Рахмат, Венера, анда эмесе жогоруда эксперттердин пикирин уктук. Кабыл алалыбы? Сөздөр барбы? Пикирлер барбы? Бары түшүнүктүүбү? Анда эксперттерди колдоп коёлу, кол көтөрүп койсоңуздар, кандай дейсиздер? **Капарова Чынар Абдылдаевнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча жазылган «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)»** окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунушталсын. Добуш берип койсоңуздар.

Баары - 14
Макул - 14
Каршы - жок
Бир добуштан кабыл алынды.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, угуп жана талкуулап,

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д. 10.20.616 Ведомстволор аралык Диссертациялык кеңешинин отуруму**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.1 **Капарова Чынар Абдылдаевнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча жазылган «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү**

**тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)»** аттуу кандидаттык диссертациялык иши жөнүндөгү эксперттик топтун корутундусу кабыл алынсын;

1.2 **Капарова Чынар Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)»** 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган эмгеги Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунуш кылынсын;

1.3 Диссертациялык ишке расмий оппоненттер катары филология илимдеринин доктору Ж.Султанова, филология илимдеринин кандидаты, доцент А.Асанова, ал эми жетектөөчү мекеме катары Ош мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасы бекитилсин.

Д 10.20.616 Диссертациялык кеңештин төрагасы,
филология илимдеринин доктору, академик — Акматалиев А.А.

Д 10.20.616 Диссертациялык кеңештин катчысы,
филология илимдеринин кандидаты — Ыйсаева Н.Т.